**2021-2022-окуу жылында №87 жалпы билим берүү орто мектебинде мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик олимпиаданын анализи**

Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасы жөнүндө Жобонун жана мектептин 21.11.2021-ж №61 буйругунун негизинде 2021-2022-окуу жылынын 26-ноябрында мектеп ичинде предметтик олимпиада өтүлдү.

**Олимпиаданын максаты:**

- Зээндүү мектеп окуучуларын аныктоо, алардын билимин өркүндөтүүгө, чыгармачылык жөндөмүн жана изилдөө иштерине болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзүү
- Окуучуларды предметтерге кызыгуусун арттыруу
- Таланттуу иш алып баруунун программасынын алкагында кесип тандоого, багыттоого жана жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга шарттарды түзүү
- Окуучулардын предметтер боюнча жогорку жетишкендиктерин тастыктоо
- Райондук олимпиадага катышуу үчүн команда топтоо


Олимпиадага 9-11 класстарынын окуучулары 10 предмет боюнча катышышты.

1. Кыргыз тили жана адабияты
2. Орус тили жана адабияты
3. Математика
4. Англис тили
5. Физика
6. Химия
7. Биология
8. География
9. Тарых
10. Информатика

Олимпиаданын тапшырмаларынын тексттерин сабак берген мугалимдер предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүп чыгып методикалык бирикменин кеңешмесинде талкууга коюлду. Ар бир тапшырмага берилүүчү баллдар, маселелердин чыгарылыштары, жооптору да тиркелип, баалоонун критерийлери да ( тапшырмалардын татаалдыгына жараша) көрсөтүлдү.

Мектеп олимпиадасына жалпы 261 окуучу катышып, алардын ичинен 50 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

| | Предметтин аталышы | Катышкан окуучулардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | 30 |
| 2 | Орус тили жана адабияты | 28 |
| 3 | Математика | 21 |
| 4 | Англис тили | 20 |
| 5 | Физика | 24 |
| 6 | Химия | 26 |
| 7 | Биология | 30 |
| 8 | География | 28 |
| 9 | Тарых | 32 |
| 10 | Информатика | 22 |




Байгелүү орунга ээ болгон окуучулар ардак грамоталар менен сыйланышып, райондук олимпиадада мектептин намысын коргоого жолдомо алышты. Олимпиада өз убагында башталып, тартип бузуулар жана кечигүүлөр болгон жок.

Директор: Исанова Ж.М.